**ОшМУнун теология факультетинин окумуштуулар кеңешинин жыйынынын**

**№ 1- Токтому**

Төрагасы- З.К. Ажимаматов　　　　　　　　　　Ош шаары, 15.09.2020-ж.

Катчысы- А. Керимкулова

Катышкандар:

1. Абдуганиев А. – Коомдук башталгычтагы илимий кызматкер жана тышкы байланыштар боюнча декандын орун басары
2. Ажимаматов З.- Декан
3. Аль Зарзур Али Йосиф- окутуучу-волонтер
4. Арипов Н.- Доцент, илимий иштер боюнча декандын орун басары
5. Жумабаев М.- Окутуучу, жана тарбия иштери боюнча декандын орун басары
6. Жусубалиев А.- Доцент, окуу иштери боюнча декандын орун басары
7. Зууридинов Ө.- Окутуучу, практика боюнча жетекчи
8. Исламоглу А. – декандын орун басары
9. Кадыров М.- Ага окутуучу
10. Калбердиев А.- Доцент, кафедра башчысы
11. Козукулов Т.- Доцент,
12. Масиралиев Ш.- Ага окутуучу, кесиптик бирликтин төрагасы
13. Тажибаев С.- окутуучу-волонтер
14. Юсуф Өзтүрк- окутуучу-волонтер

Себептүү : жок

**Күн тартиби:**

1. 2019-2020 - окуу жылынын жыйынтыктары жана жаңы жылдагы милдеттер жөнүндө окуу иштери боюнча декандын орун басары А. Жусубалиевдин баяндамасы.
2. Факультеттин 2020-2021-окуу жылындагы иш пландарын талкулоо жана бекитүү жөнүндө.
3. Ар түрдүү маселелер

Scanned with CamScanner

**I маселе**

**Угулду:** Кеңештин төрагасы З. Ажимаматов күн тартибиндеги биринчи маселе өткөн окуу жылынын жыйынтыктары боюнча окуу иштери боюнча декандын орун басары А. Жусубалиевге сөз берди:

**1. Факультетте окуу пландарынын, окуу жүктөмдөрүнүн аткарылышы**

Кафедрада 2019-2020-окуу жылында пландаштырылган саат жүктөмү план боюнча

| № | Кафедра | Баары (факт.) | План | Атк. % | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Дин таануу жана гум.предметтер (коллеж) | 2797,3 | 2797,3 | 100% | |
| 2 | Дин таануу жана гум.предметтер (бакалавр) | 6100 | 6100 | 100% | |
| 3 | Дин таануу жана гум.предметтер (магистратура) | 504 | 504 | 100% | |
| Факультет боюнча: | | 9401,3 | 9401,3 | 100% | |

9401,3 аткарылышы 9401,3 саат болуп эсептелет. Кафедранын профессордук-окутуучулук курамы тарабынан контракттын эсебинен толугу менен аткарылды. 2019-2020-окуу жылынын биринчи жарымы жылдыгында контрактын эсебинен магистратура программасы боюнча 236 саат, экинчи жарым жылдыгында 268, жалпы 504 сааттык акы төлөмү аткарылды.

**2. Студенттер тууралуу сандык көрсөткүчтөр**

а) Адистиктер жана академиялык деңгээлдер боюнча студент, магистрант жана докторанттардын саны

| № | Адистиктер, деңгээлдер | Бюджет | Контракт | Сырттан окуу | Чет элдик студ. | Баары | Тайпа саны |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Теология (бакалавр) | - | 157 | - | - | 157 | 8 |
| 2 | Теология (магистратура) | - | 5 | - | - | 5 | 1 |
| 3 | Теология | - | 40 | - | - | 40 | 3 |

Scanned with CamScanner

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | (колледж) | | | | | | |
| Факультет боюнча | | - | 197 | - | - | 197 | 12 |

б) 1-курска кабыл алынган студенттердин ЖРТ балынын көрсөткүчүнө анализ

| № | Багыттар | Бюджет | | Контракт | | Конт. (сырт. ж-а дист. окуу) | | Орточо Балл | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | жог. балл | төм. балл | жог. балл | төм. балл | жог. балл | төм. балл | | |
| 1 | Теология (бакалавриат) | - | - | 168 | 111 | - | - | 145 | |
| Факультет боюнча: | | - | - | 168 | 111 | - | - | 145 | |

в) Курстар боюнча студенттердин саны (контракт)

| № | Багыттар (адистиктер) | Курстар | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | Баары |
| 1 | Теология | *39* | *40* | *40* | *38* | - | - | *157* |
| 2 | Колледж(11 база) | *11* | | | | | | *11* |
| 3 | Колледж(9база) | *17* | *12* | | | | | *29* |
| Факультет боюнча: | | *67* | *52* | *40* | *38* | - | - | *197* |

*г) Ички жана сырткы мобилдүүлүккө катышкандар*

Scanned with CamScanner

*Сырткы мобилдүүлүк боюнча 2019-2020-окуу жылынын күзгү семестринде 3-курс Т(б)-1-17 тайпасынын студенттери Байтожиева Зулфизар жана Мамажанова Хуснидахон Мевлана мобилдүүлүк программасы боюнча Туркия мамлекетинин Анталия шаарындагы «Акдениз» университетинин теология факультетинде окуп кишишти.*

*д) Стипендианттар, конкурс, долбоорлорго катышуучулар ж.б. боюнча маалыматтар.*

Студенттик илимий-изилдөө иштерин уюштуруунун мазмуну, сапаты, формалары, жыйынтыгы жана көзөмөлдөө:

2019-жылдын 12-декабрында Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата уюштурулган "курстар аралык акыл таймаш" болуп өттү. 2019-жылдын 3-декабрында Курани Карим аяттарынын маанисин окуу боюнча Курандын 1-10-паралары боюнча жарыш өткөрүлүп, жалпысы болуп 80 студент катышты. 2019-жылдын 11-ноябрында ОшМУнун баш имаратында болуп өткөн VI аймактык студенттик илимий конференияга теология факультетинин 4-курстун студенти Арзыбекова Гулиза "Калыгул Бай уулунун адилеттүүлүк тууралуу айткан насааттарын хадистердин негизинде анализдөө" аттуу илимий доклады менен катышты. Бүтүрүүчү курстун студенттери баары дипломдук илим изилдөө темаларын бекиттиришкен жана илимий жетекчилеринин жол көрсөтүүсүндө изилдөөлөрүн улантышууда.

ОшМУнун теология факультетинде Анкара университетинин теология факультетинин окутуучусу, профессор доктор Мехмет Өздемир «Пайгамбарыбыздан дем-күч алган жаштардын үлгүлүү мусулман коомчулугунун түзүлүшүнө кошкон салымы» деген темада теология факультетинин жалпы жамаатына конференция өттү.

17-октябр- Теолгия факультетинде курстар аралык спорттук мелдеш өткөрүлүп жыйынтыгында ийгиликтүү командаларга акчалай сыйлык жана дипломдор тапшырылды.

е) Группалардын түзүлүшү жана алар жөнүндө маалыматтар.

2019-2020-окуу жылында бакалавр программасында 1-2-3-4 курстарда 2ден 6 группа, ал эми колледж (11 база) 1-курста 1 группа, колледж (9 база) 1-курста 1 группа жана 2-курста 1 группа, магистратурада 2-курста 1 группа түзүлгөн. Жалпысынан факультетте 12 группа окуду.

**3. Студенттердин өздөштүрүүсүнө анализ (группалар, курстар, кафедралар, предметтер, окутуучулар боюнча). Акыркы 5 жылдагы жетишүү көрсоткүчторүнүн өзгөрүү динамикасы.**

Бардык предметтер боюнча жалпы жетишүү орточо 97,23%ды түзөт, ал эми сапаттык жетишүү 86,32%ды түздү. Ал эми кээ бир предметтер боюнча жалпы жана сапаттык жетишүү жетишээрлик жогору. Мисалы:

Scanned with CamScanner

Т-(б)-1-17 – дин философиясы Ш. Масиралиев – абсолюттук жетишүү – 100%, сапаттык жетишүү – 100%.

Т-(б)-2-16 – Саясат, коом жана дин Т. Козукулов – абсолюттук жетишүү 100%, сапаттык жетишүү – 100%.

Т-(б)-2-16 – Абу Мансур ал-Матуридиянын тефсир тексттери Н. Арипов – абсолюттук жетишүү 100%, сапаттык жетишүү – 100%.

Жогорудагы предметтерден окуу-усулдук адабияттардын жетиштүүлүгү жана тиешелүү окутуучулардын студенттердин өз алдынча иштөөсүн туура уюштуруусунун негизинде жетишүүнүн жыйынтыгы жогору болгондугун белгилеп кетүүгө болот.

Ал эми кээ бир предметтер боюнча жетишүү башка предметтерге салыштырмалуу төмөнүрөөк. Мисалы,

Т-(б)-1-19 – мусулман илимпоздорунун табигый илимдерге кошкон салымдары А. Калбердиев – абсолюттук жетишүү 100%, сапаттык жетишүү 60 %.

Тс9-1-18 – пайгамбардын насааттары Ө. Зууридинов – абсолюттук жетишүү 100%, сапаттык жетишүү 58,3 %.

Тс-1-19 – Пайгамбардын насааттары Ө. Зууридинов – абсолюттук жетишүү 84,6 %, сапаттык жетишүү 46,2 %.

Тс-1-19 – Пайгамбардын өмүр баяны А. Жусубалиев – абсолюттук жетишүү 84,6 %, сапаттык жетишүү 38,5 %.

Бул предмет боюнча жетишүүнүн төмөндүгүн объективдүү деп эсептейбиз. Анткени бул предметтер боюнча окуу материалын табуу жана өздөштүрүү башка предметтерге салыштырмалуу татаалыраак жана кыргызча адабияттар аз. Ошондой эле, өлкөбүздө март айынан май айынын онуна чейин жарыяланган өзгөчө абал жана окуу жылынын аягына чейин уланган өзгөчө кырдаалга байланыштуу студенттер аралыктан сабак алышты. Айыл жана тоо жергелеринде интернеттен жакшы тартпашы жана окуу материалдарын телефондон окуу кыйын болгондуктан, аты аталган предметтер боюнча сапаттык көрсөткүч төмөн болуп калды деп эсептейбиз. Өзгөчө орто кесиптик билим берүү программасынын 2019-2020-окуу жылында кабыл алынган 1-курсунун студенттери «теология» багытын жаңы өздөштүрүп жаткандыгына, 2 студенттин контракт төлөбөй сынактарды тапшырбагандыгына байланыштуу, сапаттык көрсөткүч төмөнүрөөк.

Scanned with CamScanner

2019-2020-окуу жылы модулдар жана жыйынтык текшерүүлөр онлайн тест аркылуу алынган үчүн жайкы семестрге Араб тили, Тефсир, Куран сабактарынан 1-5 балл жетпей калып калып кеткен студнттер көп болгон. Кээбир мугалимдер жана студенттер жаңы программаларды өздөштүрү албагандыгына байланыштуу жыйынтыктоочу жумага үлгүрбөй калбай жатышты. Айрым студенттер интернет байланыш начар болгон аймактарда тургандыктары үчүн сабактарга жана модуль, экзамендерге катыша албай жатышты. Бул себептерден жетишүү төмөн болгон.

**4. Факультетте окуу процессин уюштурууда окутуунун кредиттик технологиясын колдонуунун абалы (№18, 19, 22, 26 бюллетендер). Аталган технологияларды жайылтуу максатында уюштурулган иш чаралар боюнча маалымат.**

Факультетте окутуунун кредиттик технологиясын колдонуу бир кыйла жакшы жолго коюлган. Анткени, Түркия мамлекетинин Анкара университети менен жакындан иш алып барылгандыгы үчүн окутуучулар үчүн бир кыйла жеңил болду деп айтсак болот.

Мындан сырткары кафедранын кеңешмесинде кредиттик технологияны колдонуу боюнча талкуулар болуп, студенттерге да түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

a. Багыттар, профилдер боюнча элективдүү курстардын базасы түзүлгөн, кафедранын кеңешмесинде талкууланып бекитилген. Апрель-май айларында окуу бөлүмү тарабынан тандоо жараяны уюштурулган.

b. Жайкы семестрге калган студенттердин жетишүүсүнүн анализи. Жайкы семестрге калган араб тили, акыйда, Куран, салыштырмалуу диндер жана диндер аралык диалог жана христиан теологиясы предметтер (акыйда, араб тили, христиан теологиясы, диндер тарыхы) кайрадан окутулуп, сынак алынды.

c. Учурдагы, аралыктагы жана жыйынтыктоочу текшерүүлөрдү уюштуруу: Ар бир учурдагы, аралыктагы текшерүүлөр жазуу түрүндө, Куран, араб тили жана Куран тафсири предметтери оозеки алынып бааланды. Белгилей кетчү жагдай Республикабыздагы өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абалга байланыштуу 2-семестрдеги модулдар zoom, whats upp, classroom платформалары аркылуу алынды. Ал эми жыйынтыктоочу текшерүүлөрдү уюштуруу үчүн тесттик тапшырмалардын банкын түзүлүп tf-файлын AVNге жайгаштырылып, компютер, араб тили, Куран жана Куран тафсири предметтери университетибиз тарабынан сунушталган вебинар платформасы аркылуу алынды.

Scanned with CamScanner

d.Студенттердин өз алдынча иштери: Ар бир учурдагы, аралыктагы жана жыйынтыктоочу текшерүүлөргө өз алдынча иштөө үчүн берилген материалдар боюнча суроолор киргизилген. Өз алдынча иштөө үчүн берилген материалдарды өздөштүрүүнү эффективдештирүү үчүн окуу куралдар студенттерге сунушталган. 2019-2020-окуу жылынын 2-жарым жылдыгында студенттер СӨАИни жазуу, оозеки жана слайд даярдоо менен тапшырышты

**6. Факультетте маданий-тарбиялык, коомдук иштердин уюштурулушу. Аткарылышы жана жыйынтыктары (предметтерди окутуудагы тарбиялык, кураторлук иштер ж.б.у.с.). Бул иш-чаралардын ММК, электрондук каражат, социалдык тармактарда чагылдырылуусу.**

Факультетте тарбиялык иштер боюнча бир жылдык иш планы түзүлүп бекитилген. Ошол иш пландын негизинде тарбиянын түрдүү багыттары боюнча кечелер, диспуттар ж.б. иш-чаралар өткөрүлөт. Мамлекетибиздин ар бир белгилүү майрам күндөрүнө карата арналган салтанаттар өтүп турат, дубал газеталар чыгарылат.

2019-2020-окуу жылында окуу процесси менен бир катарда төмөнкүдөй тарбиялык-маданий иш чаралар аткарылды:

- Окуу жылынын башында кураторлордун иш пландары түзүлүп, кафедранын Кеңешмесинде талкууланып, бекитилди.
- Окуу жылынын башында тарбиялык иштер боюнча кураторлордун кеңешмеси өткөрүлдү.
- Окуу жылынын башында 1-курска келген студенттерди окуу корпусу жана алардын студенттик милдеттери менен тааныштыруу иш чарасы аткарылды.
- Сабактардын жадыбалына жумасына бир жолу кураторлук сааттар киргизилди. Ошондой эле,

Бул иш чаралар факультеттин сайтында үзгүлтүксүз жарыяланып турду иш чаралар фейсбук баракчасында жарыяланат.

**7. Окутуу процессин "AVN" информациялык системасында уюштуруунун абалы. Студент, окутуучу, кафедра жана факультет канчалык деңгээлде пайдаланууда. "AVN"дин билим берүү порталы, вебинар, тесттердин колдонуу деңгээли боюнча маалымат. ОшМУнун сайтындагы кафедранын маалыматтарынын окуу-усулдук, тарбиялык иштерди сапаттуу уюштурууга кошкон салымы боюнча маалымат.**

Окуу процессин «AVN» информациялык системасында уюштуруунун абалы, өзгөчө, өзгөчө кырдаал жана абалдын учурунда бир топ жакшы жолго коюлду. 2019-

Scanned with CamScanner

2020-окуу жылынын 1- 2-семестринин сессиясы компьютерде «AVN» программасы аркылуу тесттик негизде, Куран араб тили сыяктуу предметтер гана оозеки түрдө вотсап жана зуум программалары аркылуу алынды. Ар бир предмет боюнча негизги жана кошумча окуу куралдары менен слайд, ОМКлар авнге жүкт

Бүгүнкү күндө теология факультетинде 32 компьютер интернет түйүнүнө уланган.

Студенттер үчүн компьютердик класста 15 компьютер бир түйүнгө туташтырылып, интернетке чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

2019-2020-окуу жылы үчүн окуу планы, саат эсептери, студенттер жөнүндө маалыматтар, студенттерди группаларга отургузуу, студенттердин кыймылы сыяктуу маалыматтар киргизилди. Ошондой эле электрондук ведомостторго модулдардын жыйынтыктары түшүрүлдү.

AVN программасы окуу процессин уюштурууда өтө ыңгайлуу программа болуп эсептелет. 2019-2020-окуу жылында жайкы сессиянын жыйынтыгы толугу менен киргизилди.

Отчет толугу менен тиркелет.

**II маселе**

**Угулду:** 2-маселе б-ча:

Кафедра башчысы А. Калбердиев бир жылдык кафедранын жана окуу-методикалык кеңешинин иш планы менен тааныштырды. Тарбия иштери боюнча М. Жумабаев бир жылдык иш пландары менен тааныштырып өттү. Ошондой эле Карьера бороборунун жетекчиси жана тышкы байланыштар боюнча декандын орун басары А. Абдуганиев Карьера бороборунун жана ички жана тышкы байланыштарынын бир жылдык иш пландары менен, жана Н. Арипов илимий иштер боюнча жылдык иш план менен тааныштырып чыгышты. Иш пландарда берилген ар бир берене боюнча талкуу жүрүп, натыйжада көпчүлүктүн добушу менен факультеттин бир жылдык иш планы айрым түзөтүүлөрдү киргизүү менен менен жактырылды.

**Ар түрдүү маселелер б-ча:**

**Угулду:** Кеңештин төрагасы З. Ажимаматов ректораттагы чогулушта каралган маселелер боюнча кабар берип, тааныштырып кетти. Ошондой эле декандын тапшырмасы менен ОМК жана окуу материалдарын АВНге жүктөлүшү боюнча отчет менен диспетчер Кошубаева тааныштырып чыкты.

Отчет тиркелет.

Scanned with CamScanner

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, факультеттин Окумуштуулар Кеңеши**

**токтом кылат:**

1. Өткөн окуу жылынын жыйынтыгы канааттандыраарлык деп табылсын. Жаңы окуу жылында 2020-2021-окуу жылындагы кемчиликтер эске алынсын.
2. Факультеттин 2020-2021- окуу жылындагы иш планы, тарбиялык иштердин, окуу-усулдук иштердин пландары бекитилсин. Болжолдуу мамлекеттик стандарттын негизинде окуу пландагы дисциплиналардын удаалаштыгы сакталсын, б.а. ар бир дисциплина үчүн аныкталган постреквезиттер, пререквизиттер эске алынсын.
3. АВНге өз убагында ОМК жана окуу материалдарын жүктөбөгөн окутуучуларга эскертүү берилсин жана жүктөөгө милдеттендирилсин, аны көзөмөлдөө факультеттин диспетчери С. Кошубаевага жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы** **З. Ажимаматов**

**Кеңештин катчысы** **А.Керимкулова**

Scanned with CamScanner